Тиркеме 3

**“Кабыл алынды”**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Политехникалык колледжинин
Педагогикалык кеңешинде
Протокол № 4
“20” январь 2021ж.

**“БЕКИТЕМИН”**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Политехникалык колледжинин
Мам.тил боюнча директордун о.б.м.а.
Кыдырмаева Ж.К. ____________
“21” январь 2021ж.

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин “ 2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде аралаш окутуу форматында тарбия иштеринин жана санитардык-эпидемиологиялык нормаларын сактоо алгоритми”**

**КОШУМЧА ИШ АТКАРУУ ПЛАНЫ**

(КР ББжИМ № 19/1 2020-ж. 21-январынын буйругунун негизинде)

| № | Иштердин аталышы | Аткаруу шарттары | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы талаптар** | 1. Студенттер коронавирус инфекциясын (COVID-19) алдын алуу жана жайылтпоо боюнча көрсөтмөлөр менен таанышуусу зарыл (маалыматтар сайтка жана атайын стендке жайгаштырылган). | Студенттер, студенттер кеңеши |
| | | 2. Пандемия шарттарында жеке жоопкерчиликти тарбиялоо жана а1-сезимди күчөтүү. | Ар бир кызматкер жана студент |
| | | 3. Ар биринин санитардык-эпидемиологиялык нормаларын сактоосуна өзүн-өзү катуу көзөмөлдөө. | |
| | | 4. Ар бир студент өзүнүн абалын жашырбоо жана өз убагында дарылануу. | |
| | | 5. Ооруган студенттерге жана артта калган студенттерге колдоо көрсөтүү. | Куратор, староста |
| | | 6. Жума сайын студенттердин абалынын мониторингин администрацияга маалымдоо. Жума күнү саат 15:00 го чейин. | Куратор |
| | | 7. Студенттердин абалынын мониторингин күн сайын Мам.тил боюнча директордун о.б.м.а. Ж.К.Кыдырмаевага маалымдоо. | Куратор, студенттер кеңеши |
| **2.** | **Студенттерге маалымдоо** | 1. Студенттердин “Тарбия иштеринин жана санитардык-эпидемиологиялык нормаларын сактоо алгоритми” менен таанышкандыгын каттоо. | Куратор, координатор |
| | | 2. Бет кап режими, жөтөл этикасы, физикалык аралыкты сактоо, жеке гигиенанын эрежелери, коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары жөнүндө студенттерге эскертип туруу зарыл. | Куратор, староста, тайпанын активисттери |
| **3.** | **Ата-энелерге маалымдоо** | 1. Ата-энелерге коронавирус инфекциясын (COVID-19) алдын алуу жана жайылтпоо боюнча жана студенттердин колледжде санитардык-эпидемиологиялык нормаларын сактоо эрежелеринин алгоритми бар экендиги тууралуу маалымат берүү (сайт, атайын бурчтар, ата-энелер чогулушу, презентация). | Куратор |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2. Зарыл болгон учурда студенттердин ден-соолугу тууралуу Whatsapp, Telegram, телефон байланыштары аркылуу маалымдоо. | Ата-энелер, куратор |
| | | 3. Ата-энелер менен үзгүлтүксүз байланышып туруу. | Куратор |
| | | 4. Студенттин абалына дароо жооп кайтаруу. | Предметтик окутуучу, куратор, академ.кеңешчилер |
| 4. | **Жеке гигиена** | 1. Ар бир студент жана окутуучу жанына антисептик, 2-3 таза маска, нымдуу жана кургак салфетка, мүмкүнчүлүгүнө жараша кол кап алып жүрүүсү зарыл. | Куратор,староста |
| | | 2. Окуу жайдын кире бериш жеринде, коридорлордо, ар бир аудиторияда дезинфекциялоо каражаттары бар, зарыл болгон учурда колду антисептик менен дезинфекциялап туруу керек. | Ар бир кызматкер жана студент |
| | | 3. Көп эл топтошкон жерлерден алыс болуу. | |
| | | 4. Таза абада көбүрөөк жүрүү. | |
| | | 5. Колледжден жана сабактан үйгө барганда да жеке гигиенаны сактоо. | |
| 5. | **"Кирүү фильтри"** | 1. Окуу корпусуна кирерден мурун колледждин бардык кызматкерлери жана студенттери бут кийимин кылдаттык менен тазалап кирүүсү керек. | |
| | | 2. Окуу корпусуна кире бериш жерде кызматкерлер, студенттер колду дезинфекциялап жана электрондук термометр менен дене табын (температура) текшертүү керек. | |
| | | 3. Кирген адамдарда жөтөлдүн, энтигип дем алуунун, сасык тумоонун белгилери болсо, окуу корпусуна киргизилбейт. | |
| | | 4. Имаратка кирүү учурунда адамдардын ортосундагы 1-1,5 метр аралык сакталышы керек. | Староста, старостанын орун басары |
| 6. | **Бет кап режим** | 1. Окуу имаратына бет капсыз кирүүгө жана бет капсыз жүрүүгө тыюу салынат. | Ар бир кызматкер жана студент |
| | | 2. Бет капты оозду, мурунду жана ээкти жапкандай кылып, жылчыксыз тагынып, боосу болсо, аларды бекем байлоо керек. | |
| | | 3. Бет капты ашыкча кармоодон баш тартуу керек. Кармаган учурда колду антисептик менен дезинфекциялоо керек. | |
| | | 4. Эгерде беткап нымдуу же булганып калса, аны таза жана кургак беткапка алмаштыруу зарыл. | |
| | | 5. Бет капты ар бир 2 саатта алмаштырып туруу керек. Медициналык бет кап бир жолу пайдаланылат. | |
| | | 6. Колдонулган бет капты, кол капты, салфетканы ар кайсы жерге ыргытпай, целлофан баштыкчага салып, үйүнөн ыргытуу же имараттын астында атайын коюлган урнага салуу керек. Колледжде бет капты, кол капты, салфетканы ыргытууга тыюу салынат. | Куратор, староста |
| | | 7. Эгерде бет кап материалдан тигилген болсо, үйүнөн жууп тазалоо, үтүктөө керек. | |
| 7. | **Физикалык аралыкты сактоо** | 1. Адамдардын ортосундагы минималдуу 1-1,5 метрден кем эмес физикалык аралыкты сактоо зарыл. Ошол эле учурда бул физикалык аралыкты ар бир жерде: окутуу аудиторияларында, фойеде, көчөөдө сактоо керек. | Куратор, студдентер кеңеши |
| | | 2. Физикалык контакттан, анын ичинде кол берип саламдашуу жана кучакташуудан баш тартуу зарыл. | Студенттер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 3. Адамдардын топтолуусунан жана адамдар көп чогулган жерлерге баруудан баш тартуу керек. | Ар бир кызматкер, студенттер |
| | | 4. Сабактардан кийин жана бош убакытта биргелешип убакыт өткөрүүдөн баш тартуу керек. | Студенттер, старосталар |
| | | 5. Студенттердин топторунун арасында массалык иш-чаралар өткөрүлбөшү керек. | Кураторлор, старосталар |
| **8.** | **Жөтөл этикети сактоо** | 1. Жөтөлүү жана чүчкүрүү учурунда оозду жана мурунду бир жолу колдонулуучу салфетка менен жаап, жаныбызда турган адамдардан башка жакка бурулуу керек. | Ар бир кызматкер, студент |
| | | 2. Салфетка жок болсо, алаканга же муштумга жөтөлүү туура эмес. Жөтөлүү учурунда оозду чыканак же колдун сырты менен жабуу зарыл. | |
| | | 3. Какырыкты/шилекейди полго түкүрүүгө тыюу салынат. Бир жолу колдонулуучу салфеткаларды пайдалануу керек. | Студенттер |
| **9.** | **Имараттарды желдетүү жана жабдууларды, инвентарларды дезинфекциялоо** | 1. Ар бир сабактан кийин, билим алуучулар сыртка чыккандан кийин окуу кабинеттерин, лабораториялык кабинеттерди желдетип туруу зарыл. (2 саат сайын) | Нөөмөттөгү студент |
| | | 2. Аба ырайынын шарттарын эске алуу менен дене тарбия сабактарын ачык спорт аянтчада өткөрүү керек. | Дене тарбия окутуучсу |
| | | 3. Танапис учурунда жана сабактар бүткөндөн кийин терезе, эшиктерди ачып, эмеректерди, полду, эшиктердин туткаларын дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоону уюштуруу зарыл. | Предметтик окутуучу, нөөмөттөгү студент |
| | | 4. Дезинфекциялоочу каражаттарды өндүрүүчүнүн нускамасына ылайык вирустук инфекция учун концентрацияны эске алуу менен колдонуу керек. | Нөөмөттөгү студент |
| **10.** | **Сабак учурунда жана танаписте** | 1. Танапис учурунда студенттерге убакытка ылайыкташтырып ар кандай дем алуу көнүгүүлөрүн жасатуу керек. | Староста, старостанын орун басары |
| | | 2. Сабак учурунда бардык адамдар бет кабын чечүүгө болбойт. | Предметтик окутуучу |
| | | 3. Сабак бүткөндөн кийин кийинки сабак башталгыча таза абада болуу керек, 10-15 мүнөт (атайын танапис убактысы берилген). | Староста, старостанын орун басары |
| | | 4. Танапис учурунда коридорлордо, имаратка кире бериш жерде жана аудиторияда студенттердин топтолуп баарлашуусуна жол берилбейт. | Студенттер кеңеши |
| **11.** | **Жатаканалардагы эпидемияга каршы режим** | 1. Жатаканада жашаган студенттердин ден - соолугун күн сайын кароо зарыл. | Жатакананын тарбиячысы |
| | | 2. Жатаканага кире бериш жеринен вахтерлор студенттердин колун дезинфекциялатып, электрондук термометр менен дене табын (температура) текшерип туруусу керек. | Жатакананын тарбиячысы, вахтерлор |
| | | 3. Жатаканада жашаган студенттердин дене табын текшерүү жана инфекциянын белгилеринин болуусун сурамжылоо. | Нөөмөттөгү окутуучу |
| | | 4. Жатаканын жашоочулары күнүнө 2 жолудан кем эмес, комнатаны тазалап, дезинфекциялап турушу керек. | Жатакана жашоочулары, вахтерлор |
| | | 5. Жатаканада жашаган студенттердин абалы тууралуу күн сайын Мам.тил боюнча директордун о.б.м.а. Ж.К.Кыдырмаевага маалымдоо. | Жатакананын тарбиячысы, нөөмөттөгү окутуучулар |